КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ

ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ
КАРГАЛЫК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ

ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КАРГАЛЫКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каргалык айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезексиз IX сессиясынын**
**№ 25 ТОКТОМУ**

12 - май 2025 - жыл

Казарман айылы

**“Саймалуу - Таш” мамлекеттик жаратылыш паркынын 12 - май 2025 - жылдагы № 01 - 4-15/219 чыгыш сандуу катын кароо**

“Бюджет, экономика, инвестиция, муниципалдык менчик, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча” туруктуу комиссиясынын төрагасы Атыканов Анарбек Кадыкеевичтин маалыматын угуп жана талкуулап, Каргалык айылдык кеңешинин Регламентинин 2 - главасынын 2.1 - пунктуна ылайык, айылдык кеңешинин ( I чакырылышынын ) кезексиз IX сессиясы **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу “Саймалуу-Таш” мамлекеттик жаратылыш парктын аймагындагы, туристтик рекрациялык зонага эс алууга барган жарандарды тейлөө жана жакшы шарт түзүүдө, ижара акысына тарифтери төмөндөгүдөй бекитилсин:
   - этно тапчанга бир күнгө - 500 (беш жүз) сом,
   - чет элдик жарандарга бир күнгө кирүү акысы - 350 (үч жүз элүү) сом,
   - кыргыз боз үйгө бир күнгө - 3000 (үч миң) сом.
2. Бул токтомду аткаруу жагы “Саймалуу - Таш” мамлекеттик жаратылыш паркынын директору А.Т.Камбаралиевге тапшырылсын.
3. Бул токтом Каргалык айыл өкмөтүнүн kargalyk.gov.kg расмий веб - сайтына жарыялансын.
4. Бул токтомду көзөмөлдөө жагы «Бюджет, экономика, инвестиция, муниципалдык менчик, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча» туруктуу комиссиясынын төрагасына милдеттендирилсин.

**Каргалык айылдык кеңешинин төрагасы** **Т.И.Токтоболотов**